Шабидинова З.А. –
Баткен облусу, Кадамжай району,
“Айрыбаз” орто мектебинин тарых мугалими

8-КЛАСС. КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ.
Сабактын темасы: ТАЙЛАК БААТЫРДЫН ЭРДИКТЕРИ.

Сабак викторина.

**Сабактын максаты**: Окуучулар XIX к орто чениндеги кыргыз элинин Цин жана Кокон хандыгына каршы көз карандысыздык үчүн күрөштөрү жана кыргыз элинин баатыр уулу Тайлактын эрдиктери жөнүндө маалымат алышат. Мекенди коргоо, эр жүрөк болуу, тарыхый инсандардын өрнөктүү өмүрүн үйрөнүп, турмуштук тарбия алышат

**Сабактын формасы**: Викторина сабак.
**Сабактын жабдылышы**: Кыргызстандын картасы, ноутбук, окуу китеби, тарыхый сүрөттөр, кошумча адабияттар, интерактивдүү санарип платформалар.

**Сабактын жүрүшү.**
Окуучулар 5 тен топторго бөлүнүп, карама-каршы тараптарда отурушат.

**Муз жаргыч**: Топ катышуучулары мугалимге өзүн мүнөздөгөн бир буюмун берет. Буюмдар столдун үстүнө тизилип, мугалим бирден окуучуну чакырат. Окуучу ошол буюмдун, ага болгон байланышын мүнөздөп айтып берет, ушундайча топ мүчөлөрүн тааныштыруу жүргүзүлөт.

Мугалим: “Эл четине жоо келсе жан аяган жигитпи?” - бул макалдын мааниси канчалаган эрлерди тарбиялап, эл арасынан баатырлар өстү, алар Мекен үчүн жан беришти.
**1-тапшырма**. Топтор баатырдык жөнүндөгү кыргыз эл макалдарын тез жазып беришет. Ал үчүн ватман берилет. Кайсыл топ тез аткарса, ар бир макал үчүн 1 упай берилет.

**1-топ (болжолдуу жооптор)**:
Баатыр бир өлөт, коркок мин өлөт.
Баатыр баатырды көзүнөн тааныйт, чечен-чеченди сөзүнөн тааныйт.
Баатыр – мандайлаш, чечен – тандайлаш.
Баатыр – согушта, акыл – ачуу келгенде, дос – зарылдыкта сыналат.
Баатырга таяк да жарак.
Баатыр жарасыз болбойт.

Баатыр болуп бай болсон бүрдөп турган серексин,
баатыр болуп жок болсон, үрүп турган серексин.
Баатырды жоону женгенден кийин макта,
тамакты бойго сингенден кийин макта.
Баатырды көрсөн кыдыр тут, букара көрсөн кадыр тут.

2-топ (болжолдуу жооптор).
Баатырдыкка даба жок.
Баатыр болсон шер бол, коркок болсон жер бол.
Баатыр жарсыз болбойт.
Баатыр жоо барында сыйлуу, бий доо барында сыйлуу.
Байлык жерден чыгат, баатыр элден чыгат.
Жолборс изинен кайтпайт, Жигит сөзүнөн кайтпайт.
Баатыр туулса – эл ырысы, жамгыр жааса – жер ырысы.
Баатыр чөлдө өлбөйт, балык көлдө өлбөйт.
Баатырдын өмүрү кыска, данкы узун.
Асыл жигит – алты кырдуу, он эки сырдуу.


Азаматсынар окуучулар, макалдар аркылуу ар бир топ өз упайларын чогултту. Келгиле эми экинчи тапшырмага өтөлү.

**2-тапшырма. Ысымдарды атайбыз**

https://wordwall.net/resource/28432157 ушул ссылка аркылуу Word Woll платформасында коробкаларды ачуу менен баатырлардын сүрөттөрүнө карап аты жөнүн айта алган топтор, ар бир жооп үчүн 2 упайдан алышат.

Жооптор: Дөөлөс баатыр, Жарбан баатыр, Бердике баатыр, Базыл баатыр, Эсенгул баатыр, Жайыл баатыр, Бишкек баатыр, Жаманкара баатыр, Ыйбалда баатыр, Сатыке баатыр, Табылды баатыр, Шабдан баатыр, Байтик баатыр, Атаке баатыр, Балбай баатыр, Тайлак баатыр.

**3-тапшырма**. Презентациялык жол менен түзүлгөн суроолордун катарына топтор жооп беришип, ар бир берилген жоопко 2 упайдан иштей алышат. (Суроолордун жообу презентацияга гиперссылка аркылуу түзүлсө убакыт үнөмдөлөт, мугалимдин презентация менен иштөө чеберчиилигине таандык)




4-тапшырма. Негизги бөлүм.

Брейн-ринг оюну боюнча окуучулар ар бир суроо көрүнүп турат, ал жоопко берилүүчү упайларга карата тандап, суроого жооп берсе болот.

**ТАЙЛАК БААТЫРДЫН ЭРДИКТЕРИ.**
**Брейн –ринг.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1. Тайлак баатырдын өмүрү жана ата-теги боюнча маалымат.** 10 | **2.Тайлактын кытайлар менен согуштарынан фактылар.** 7 | **3.Кокон хандыгы эмне үчүн Арап баатырды нарынга жөнөткөн.** 17 | **4.Куртка чебиндеги салгылашуу жөнүндө эмне билесинер?** 6 |
| 5.Тайлак менен Атантай жөнүндө? 3 | 6.Тайлак баатырдын өлүмү жөнүндө маалымат? 9 | 7.Тайлактын күмбөзү кайсыл жерде тургузулган? 5 | 8.Тайлак баатырдын 220 жылдыгы кайсыл жылы белгиленди? 18 |

1. Тайлак баатыр Ак-Талаа районун Нарын дарыясынын жээгиндеги Куртка айылында (Жаны-Талап) болжол менен 1796-жылдары туулган. Ал кыргыздан саяк уруусунун баатыры Жанболот бийдин небереси. Тогуз-Торо менен Ак–Талааны аймагындагы элине, жалпы кыргызга тутка болгон. 19-к. башы чендеги эл баатыры. Тарых илиминин доктору Сабыр Аттокуровдун “Тайлак баатыр” жөнүндөгү маалыматында: “Оокаттуу адам Рыскулдун байбичеси 1800-жылдын бугу айында аман-эсен көз жарат. Бул байбиче менен Рыскулдун экинчи уулу эле” (Кыргыздар. 2004-ж. 6-том)

2. 1820-ж. Жаангер кожонун кытайларга каршы кыймылы жеңлип, баш калкалоо үчүн Ак-Талаадагы Тайлактын айылына келет. Бир туугандар Тайлак менен Атантай Жаангерге Кашкар шаарын камалоого жардам берет. Ошондой эле, кыргыз жерлерине кытайлардын басып келүүсүнө каршылык көрсөтүү максатында коргонуу отряддарын түзгөн.

3. 1832-ж. Кокон хандыгы Нарын төрүндөгү кыргыздарга жортуул уюштуруп, Хаккула кол башчынын 7000 аскери Ак-Талаадагы саяк уруусун кыйратып, Тайлак менен Атантайды колго түшүрүп, Коконго алып кетет. Туткундан кутулуп келип Тайлак менен Атантай Иледеги Улуу Жүз казактарына көчүп кетишет. Ал жерде да тынчтык болбогондон кийин Ата Журтуна кайра келет. Куртка чебиндеги 1000ге жакын Кокондук сарбаздар элден ар түрдүү салыктарды алып турган. Тайлак баш болгон эл салык төлөөдөн баш тартып, күрөшкө көтөрүлөт. Кокон ханы Мадалы кыймылды басуу үчүн Ак-Талаага Арап баатырдын кол башчылыгында 500 жоокерди жөнөткөн. Тайлактын жигиттери Тогуз-Тородогу Быча жайытында Араптын жолун тороп, душманды талклаган. Тайлак баатыр жоонун артынан жетип келип, белди ашаарда Арапты мерт кылган. Арапты набыт кылган ошол бел, кийин Араптын бели деп аталып калган.

4. Быча салгылашуусунда Араптын колун женгенден кийин Тайлак баатыр Куртка чебин ээлеп, 80 мырзаны туткунга түшүрүп, үчөөнү хан ордосуна өзүнүн талаптарын айтып жөнөткөн. Мадалы хан Тайлактын талаптарын аткарбоого чамасы жок, аргасыздан ордодогу олжо кыздарды артка кайтарат. 1838-жылдан кийин Кокон ханы Нарынга эки ирет аскер аттандырып Тайлак талкалаган Куртка чебин кайра курат.

5. Тайлак менен Атантай экөө бир тууган болушуп, бардык мезгилде бир болушкан.

6. Тайлак Курткадагы Какыр деген жерге арык салдырып, дыйканчылык кылдырып тынч жашоону издеп, элин–жерин сырт душмандардан сактап турган. Тайлакты жене албасына көзү жеткен Кокон хандыгы Көр Аким деген тынчыны дарыгер кейпин кийгизип, Тайлакты өлтүрүүгө жөнөтөт. Ал 3-4 жыл эл аралап, дарыламыш болуп жүрөт. Оңтою келип сыркоолоп калган Тайлак баатырды ууга чыланган наштар менен кан алымыш болуп ууландырган. Айрым уламыштарда тынчыны Кокон ханы эмес, Кокон аркылуу кытайдын Синьцзянь династиясы өч алуу максатында жөнөткөн дешет. Тайлак баатыр ошондон улам көз жумат.

7. Нарын дарыясынын жээгиндеги Куртка айылына Атантай, Тайлакка кош бешик кылып казылып кош күмбөз тургузулган. Нарын шаарында

белгилүү коомдук ишмер Аскар Салымбековдун көмөгү менен Тайлактын атчан эстелиги орнотулган. 2002-жылы май айында Сон-Көл жайлоосунда чон маарекеси өткөрүлгөн.

8. 2016-жылы Тайлактын 220 жылдыгы белгиленди.

Викторинанын жыйынтыгын чыгаруу, топтордун аткарган иштерине анализ берүү. Баалоо